# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 8

## *"Операциялык сегменттер"*

## Негизги принциби

1 **Ишкана анын финансылык отчеттуулугун пайдалануучуларга ишкана жүргүзүп жаткан ишмердүүлүгүнүн мүнөзүн жана финансылык таасирин, жана ал ишмердүүлүгүн жүргүзгөн экономикалык чөйрөнү баалоого мүмкүндүк берүүчү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.**

## Колдонуу чөйрөсү

2 Ушул ФОЭС төмөнкүлөргө колдонулууга тийиш:

(a) ишкананын өзүнчө же жеке финансылык отчеттуулугуна:

(i) анын карыздык же үлүштүк инструменттери ачык рынокто (жергиликтүү жана регионалдык рынокторду кошо алганда, ички же чет элдик фондулук биржада же биржадан тыш рынокто) жүгүртүлгөн, же

(ii) ачык рынокто жүгүртүүгө ар кандай класстагы инструменттерди чыгаруу максатында өзүнүн финансылык отчеттуулугун баалуу кагаздар боюнча комиссияга же башка жөнгө салуучу уюмга берген же берүү процессинде турган; жана

(b) башкы ишкана жетектеген топтун бириктирилген финансылык отчеттуулугуна:

(i) анын карыздык же үлүштүк инструменттери ачык рынокто (жергиликтүү жана регионалдык рынокторду кошо алганда, ички же чет элдик фондулук биржада же биржадан тыш рынокто) жүгүртүлгөн, же

(ii) ачык рынокто жүгүртүүгө ар кандай класстагы инструменттерди чыгаруу максатында өзүнүн финансылык отчеттуулугун баалуу кагаздар боюнча комиссияга же башка жөнгө салуучу уюмга берген же берүү процессинде турган.

3 Эгерде ушул ФОЭСти колдонууга милдеттүү болбогон ишкана ушул ФОЭСке ылайык келбеген сегменттик маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндө чечим кабыл алса, ал мындай маалыматты сегменттик маалымат катарында сыпаттоого тийиш эмес.

4 Эгерде финансылык отчет башкы ишкананын ушул ФОЭСти колдонуу чөйрөсүнө туш келген бириктирилген финансылык отчетту да, ошондой эле анын өзүнчө финансылык отчетун да камтыса, сегменттик маалымат бириктирилген финансылык отчеттуулукта гана талап кылынат.

## Операциялык сегменттер

5 Операциялык сегмент – бул ишкананын төмөнкү компоненти:

© ФОЭС Фонду

(a) ал ишмердүүлүктү жүргүзөт, андан ал кирешелерди алышы жана чыгашаларды (анын ичинде ошол эле ишкананын башка компоненттери менен операциялар боюнча байланышкан кирешелерди жана чыгашаларды) тартышы мүмкүн;

(b) анын операциялык ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына сегментке ресурстарды бөлүү жана анын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн операциялык чечимдерди кабыл алуучу ишкананын жетекчилиги тарабынан дайыма талдоо жүргүзүлүп турат; жана

(c) ал боюнча өзүнчө финансылык маалымат бар.

Операциялык сегмент ишмердүүлүктүн азырынча киреше алып келбеген мындай түрлөрүн ишке ашыра алат, мисалы, эксплуатацияга киргизүү боюнча операциялар киреше алынганга чейин операциялык сегменттер болуп саналат.

6 Ишкананын ар бир эле бөлүгү операциялык сегмент же операциялык сегменттин бөлүгү боло албайт. Мисалы, корпорациянын башкы офиси же айрым функционалдык бөлүмдөрү ишкананын ишмердүүлүгүнө карата кошумча мүнөзгө ээ болгон кирешелерди таба алышы же таба албашы мүмкүн жана операциялык сегменттер болуп саналышпайт. Ушул ФОЭСтин максаттарында эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакылар программасы операциялык сегменттер болуп саналышпайт.

7 "Операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчилик" термини жетекчинин конкреттүү кызматын эмес, функциясын аныктайт. Бул функция ресурстарды бөлүштүрүүдө жана ишкананын операциялык сегменттеринин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоодо турат. Көп учурда ишкананын операциялык чечимдерин кабыл алуучу жетекчи – бул башкы директор же операциялык директор, бирок, мисалы, бул жетекчилердин же башка кызмат адамдарынын тобу да болушу мүмкүн.

8 Көптөгөн ишканалар үчүн операциялык сегменттердин 5-пунктта сыпатталган үч мүнөздөмөсү анын операциялык сегменттерин так идентификациялайт. Бирок, ишкана аларда ишмердүүлүгү ар кандай ыкмалар менен берилген отчетторду түзө алат. Эгерде операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчи сегменттик маалыматтын бирден көп компонентин пайдаланса, башка факторлор ар бир компоненттин ишмердүүлүгүнүн мүнөзүн, алар үчүн жооптуу жетекчилердин болушун кошо алганда, ишкананын операциялык сегменттерин түзүүчү катарында компоненттердин бир комплектин, жана директорлор кеңешине берилүүчү маалыматты аныктай алат.

9 Адатта, операциялык сегменте сегменттин менеджери бар, ал операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчиге түз отчет берүүчү, жана операциялык ишмердүүлүктү, финансылык натыйжаларды, прогноздорду, же сегментке карата пландарды талкуулоо максатында аны менен үзгүлтүксүз байланышты кармап турат. "Сегменттин менеджери" термини аны конкреттүү кызматты ээлеп турган менеджер тарабынан аткаруу милдеттүү болбогон функцияны аныктайт. Операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчи айрым операциялык сегменттер үчүн сегменттин менеджери боло алат. Бир менеджер бир нече операциялык сегменттер үчүн менеджер болушу мүмкүн. Эгерде 5-пунктта сыпатталган өзгөчөлүктөр уюмдун компоненттеринин бир нече тобуна тиешелүү болсо, бирок ал үчүн сегменттин менеджерлери жооп берген бир гана топ болсо, анда компоненттердин бул тобу операциялык сегменттерди түзөт.

© ФОЭС Фонду

10 5-пунктта баяндалган мүнөздөмөлөр алар үчүн менеджерлер жооп берүүчү эки же андан көп бири-бирин жарым жартылай жаап турган компоненттердин тобуна тиешелүү боло алат. Мындай түзүм кээде уюмдун матрицалык формасы катары эске салынат. Мисалы, айрым ишканаларда бир менеджерлер дүйнөлүк деңгээлде продукциянын жана кызматтардын ар кайсы линиялары үчүн жооп беришсе, башка менеджерлер белгилүү бир географиялык аймактар үчүн жооп беришет. Операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчи компоненттердин эки тобунун операциялык натыйжаларын үзгүлтүксүз карайт, жана финансылык маалымат да эки топ боюнча берилет. Мындай кырдаалда ишкана негизги принциптен улам кайсы комплект операциялык сегменттерди түзө турганын аныктоого тийиш.

## Отчеттук сегменттер

11 Ишкана ар бир сегмент жөнүндө маалыматты өзүнчө берүүгө тийиш, ал:

(a) 5 – 10-пункттарга ылайык идентификацияланган же 12-пунктка ылайык эки же көп мындай сегменттердин агрегацияланууусунун натыйжасы болуп саналат, жана

(b) 13-пунктта сыпатталган сандык босоголордон ашат.

14 – 19-пункттар операциялык сегмент жөнүндө өзүнчө маалыматты берүү зарыл болгон башка кырдаалдарды аныктайт.

### Агрегациялоо критерийлери

12 Операциялык сегменттер көп учурда, алар окшош экономикалык өзгөчөлүктөргө ээ болгондо окшош узак мөөнөттүү финансылык натыйжалуулугун көрсөтөт. Мисалы, окшош экономикалык өзгөчөлүктөргө ээ эки операциялык сегменттен узак мөөнөттүү орточо дүң маржаны күтүүгө болот. Эки же андан көп операциялык сегмент, эгерде мындай агрегациялоо ушул ФОЭСтин негизги принциби менен дал келсе, сегменттер окшош экономикалык өзгөчөлүктөргө ээ жана төмөнкү аспекттердин ар бири боюнча окшош:

(a) продуктулардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн мүнөзү;

(b) өндүрүш процесстерининин мүнөзү;

(c) алардын продуктулары жана кызмат көрсөтүүлөрү үчүн кардарлардын тиби жана классы;

(d) продуктыларды бөлүштүрүү жана кызматтарды көрсөтүү үчүн пайдаланылуучу методдор; жана

(e) эгерде колдонууга болсо, ченемдик укуктук чөйрөнүн мүнөзү, мисалы, банк сектору, камсыздандыруу же коммуналдык тейлөө ишканасы.

### Сандык босоголор

13 Ишкана төмөнкү сандык босоголордун ар бирин канааттандырган операциялык сегмент жөнүндө маалыматты өзүнчө берүүгө тийиш:

(a) тышкы кардарларга сатууларды жана сегменттер аралык сатууларды же өткөрүп берүүлөрдү кошо алганда, анын отчеттуулукта билдирилген кирешеси, бардык операциялык сегменттердин ички жана тышкы, жыйынды кирешесинин 10 же андан көп пайызын түзөт.

(b) анын отчеттуулукта билдирилген пайдасы же зыяны сумманын 10 же андан көп пайызын түзөт, ал абсолюттук көрсөтүүдө төмөнкү суммалардын чоңу болуп саналат: (i) бардык зыян тартпаган операциялык сегменттер боюнча отчеттуулукта билдирилген жыйынды кирешенин, жана (ii) бардык зыян тартуучу операциялык сегменттердин отчеттуулукта билдирилген жыйынды зыянынын.

(c) анын активдери бардык операциялык сегменттердин жыйынды активдеринин 10 жана андан көп пайызын түзөт.

Сандык босоголордун бирине да ылайык келбеген операциялык сегменттер, эгерде жетекчилик сегменттик маалымат финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына пайдалуу болот деп болжолдосо, отчеттук деп эсептеле жана өзүнчө ачып көрсөтүлө алат.

14 Ишкана сандык босоголор жөнүндө маалыматты, алар операциялык сегменттер окшош экономикалык өзгөчөлүктөргө ээ болгондо жана 12-пунктта баяндалган агрегациялоо критерийлеринин көп бөлүгүн канааттандырганда гана отчеттук сегментти алуу үчүн, бирок аларды да сандык босоголорго ылайык келбеген башка операциялык сегменттер жөнүндө маалымат менен бириктире алат.

15 Эгерде отчеттуулукта операциялык сегменттер деп билдирилген жыйынды тышкы түшкөн киреше ишкананын кирешесинин 75 пайызынан азды түзсө, ишкананын кирешесинин эч болбогондо 75 пайызы отчеттук сегменттерге туура келмейинче, кошумча операциялык сегменттер отчеттук сегменттер катарында (эгерде алар 13-пунктта баяндалган критерийлерди канааттандырбаса да) идентификациялануга тийиш.

16 Ишмердүүлүктүн башка түрлөрү жана отчеттук сегменттер болуп саналбаган операциялык сегменттер жөнүндө маалымат бириктирилүүгө жана «бардык башка сегменттер» категориясында, 28-пунктка ылайык талап кылынуучу салыштырып текшерүүлөрдү талап кылуучу башка беренелерден өзүнчө ачып көрсөтүлүүгө тийиш.

17 Эгерде жетекчилик түздөн-түз мурдагы мезгилге отчеттук сегмент катарында идентификацияланган операциялык сегмент мындай сегмент жөнүндө маалымат олуттуулугун сактаса, ал 13-пунктта баяндалган отчеттук сегмент катарында классификациялоонун критерийлерин канааттандырбай калса да, мындай сегмент жөнүндө маалымат мындан ары да учурдагы мезгилде өзүнчө берилүүгө тийиш.

18 Эгерде операциялык сегмент сандык босоголорго ылайык учурдагы мезгилде отчеттук сегмент катарында идентификацияланса, салыштыруу максатында берилген өткөн мезгил үчүн сегменттик маалымат, зарыл маалымат колдо болбогон, а мындай маалыматты иштеп чыгууга чыгымдар ашыкча болмок учурларды кошпогондо, жада калса бул сегмент өткөн мезгилде 13-пунктта баяндалган отчеттук сегмент катарында классификациялоонун критерийлерин канааттандырбаса да жаңы отчеттук сегментти өзүнчө сегмент катарында чагылдыруу үчүн кайра эсептелүүгө тийиш.

19 Саны андан ашып кеткенде сегменттик маалымат ашкере деталдаштырылган болушу мүмкүн, аларды ишкана өзүнчө ачып көрсөткөн отчеттук сегменттердин санынын иш

© ФОЭС Фонду

жүзүндөгү чеги болушу мүмкүн. Так чек белгиленбесе да, 13 – 18-пункттарга ылайык отчеттук сегменттер болуп саналышкан сегменттердин саны ондон ашаар замат, ишкана иш жүзүндөгү чекке жетиши мүмкүндүгү жөнүндө маселени кароого тийиш.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

**20 Ишкана анын финансылык отчеттуулугун пайдалануучуларга ишкана жүргүзгөн ишмердүүлүктүн мүнөзүн жана финансылык таасирин, жана ал өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн экономикалык чөйрөнү баалоого мүмкүндүк берүүчү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.**

21 20-пунктта баяндалган принципти жүзөгө ашыруу үчүн ишкана андан кийин жыйынды киреше жөнүндө отчет берилүүчү ар бир мезгил боюнча төмөнкү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) 22-пунктта сыпатталгандай, жалпы маалыматты;

(b) 23 – 27-пункттарда сыпатталгандай, сегменттин отчеттуулукта билдирилген пайдасы же зыяны, анын ичинде жана сегменттин билдирилген пайдасында жана зыянында камтылган конкреттүү кирешелери жана чыгашалары, сегменттин активдери, сегменттин милдеттенмелери жана баалоонун негизи жөнүндө маалыматты; жана

(c) 28-пунктта сыпатталгандай, сегменттен түшкөн кирешелердин, сегменттин пайдалары менен зыяндарынын, сегменттин активдеринин, сегменттин милдеттенмелеринин жалпы суммаларын жана сегменттин олуттуу көрсөткүчтөрүн ишкананын тиешелүү көрсөткүчтөрү менен салыштырып текшерүүнү.

Отчеттук сегменттер боюнча финансылык абалы жөнүндө отчетунда чагылдырылган суммаларды ишкананын финансылык абалы жөнүндө отчетунда чагылдырылган суммалар менен салыштырып текшерүү финансылык абал жөнүндө отчетту берүүнүн ар бир күнүнө талап кылынат. 29 жана 30-пункттарда сыпатталгандай, мурдагы мезгилдер үчүн маалыматты кайра эсептеп чыгуу керек.

### Жалпы маалымат

22 Ишкана төмөнкү жалпы маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) ишкананын базисин (мисалы, жетекчилик негиз катарында продуктулардагы жана кызмат көрсөтүүлөрдөгү, географиялык аймактардагы, ченемдик укуктук актылардагы айырмачылыктарды, же ар кайсы факторлордун айкалышын аныктайбы, жана операциялык сегменттер агрегацияланганбы) кошо алганда, ишкананын отчеттук сегменттерин идентификациялоо үчүн пайдаланылуучу факторлорду, жана

(aa) жетекчилик 12-пунктта агрегацияланган критерийлерди колдонууда пайдаланган ой жүгүртүүлөрдү. Буга тийиштүү түрдө агрегацияланган операциялык сегменттерди кыскача сыпаттоо, жана агрегацияланган операциялык сегменттер окшош экономикалык мүнөздөмөлөргө ээ экендиги жөнүндө тыянакты түзүүдө бааланган экономикалык индикаторлор тиешелүү; жана

(b) ар бир отчеттук сегментке киреше алып келүүчү продуктылардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн.

## Пайда же зыян, активдер жана милдеттенмелер жөнүндө маалымат

23 Ишкана отчеттуулукта ар бир отчеттук сегмент боюнча пайданы же зыянды чагылдырууга тийиш. Ишкана, эгерде мындай сумма операциялык чечимдерди кабыл алган жетекчиликтин кароосуна үзгүлтүксүз берилсе, ар бир отчеттук сегмент боюнча жалпы активдердин жана милдеттенмелердин бааланусун ачып көрсөтүүгө тийиш. Ишкана, эгерде мындай суммалар операциялык чечимдерди кабыл алган жетекчиликтин кароосуна үзгүлтүксүз берилген сегменттик пайда же зыяндарды баалоого камтылган болсо, ар отчеттук сегмент боюнча төмөнкү көрсөткүчтөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш, же эгерде мындай сегменттик пайда же зыяндарды баалоого камтылган болбосо да, мындай суммалар операциялык чечимдерди кабыл алган жетекчиликтин кароосуна үзгүлтүксүз берилет:

(a) тышкы кардарлардан алынган кирешелер;

(b) ошол эле ишкананын башка операциялык сегменттери менен операциялардан алынган кирешелер;

(c) пайыздык киреше;

(d) пайыздык чыгаша;

(e) эскирүү жана амортизация;

(f) "*Финансылык отчеттуулукту берүү*" ФОЭС (IAS) 1дин (2007-ж. кайра каралган) 97-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлүүчү кирешенин жана чыгашанын олуттуу беренелери;

(g) ишкананын аларды эсепке алуу үлүштүк катышуу методу боюнча жүргүзүлүүчү ассоциацияланган ишканалардын жана биргелешкен ишканалардын пайдасындагы же зыянындагы үлүшү;

(h) пайда салыгы боюнча чыгаша же киреше; жана

(i) эскирүү менен амортизациядан башка олуттуу акчалай эмес беренелер.

Ишкана отчеттуулукта пайыздык кирешени, сегменттин кирешелеринин көп бөлүгү пайыздардан түшкөн учурларды кошпогондо, ар бир отчеттук сегмент боюнча чагылдырууга тийиш, жана сегменттин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоодо жана сегментке бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон ресурстар жөнүндө чечим кабыл алууда, операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчи баарынан мурда таза пайыздык кирешеге ишенет. Мындай кырдаалда ишкана отчеттуулукта мындай сегменттен кирешени өзүнүн пайыздык чыгашаларын кемитүү менен чагылдыра жана бул фактыны ачып көрсөтө алат.

24 Ишкана, эгерде көрсөтүлгөн суммалар операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчинин кароосуна берилген сегменттик пайданы же зыянды баалоого камтылса, ар бир отчеттук сегмент боюнча төмөнкү көрсөткүчтөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш, же эгерде, сегменттик пайданы же зыянды мындай баалоого камтылбаган болсо да, мындай суммалар операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчинин кароосуна үзгүлтүксүз берилет:

(a) алардын эсепке алынуусу үлүштүк катышуу методу боюнча жүргүзүлгөн ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялардын суммасын, жана

(b) финансылык инструменттерден, кийинкиге калтырылган салык активдеринен, белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программалардын таза активдеринен (*"Кызматкерлердин сыйакылары"* ФОЭС (IAS) 19ду караңыз) тышкары, жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин[1] өсүш суммасын жана камсыздандыруу келишимдери боюнча келип чыккан укуктарды.

## Баалоо

25 Отчеттуулукта чагылдырылган сегменттин ар бир беренеси ал сегмент үчүн ресурстарды бөлүштүрүү жөнүндө чечимдерди кабыл алууда жана анын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоодо пайдалануу максатында операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчиге берилген баалоого ылайык келүүгө тийиш. Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жана кирешелерди, чыгашаларды, пайданы же зыяндарды бөлүштүрүүдө ишке ашырылган оңдоп-түзөөлөр жана алып салуулар отчеттук сегменттин пайдасын же зыянын аныктоодо камтылууга тийиш, бирок, эгерде алар операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчи тарабынан пайдаланылган сегменттин пайдасын же зыянын баалоого камтылган гана учурда. Ушундай эле түрдө операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчи тарабынан пайдаланылуучу сегменттин активдерин жана сегменттин милдеттенмелерин баалоого камтылган активдер менен милдеттенмелер гана отчеттуулукта чагылдырылууга тийиш. Эгерде суммалар отчеттук сегменттин пайдасына же зыянына, активдерине же милдеттенмелерине бөлүштүрүлсө, анда мындай бөлүштүрүүнү акылга сыярлык негизде жүргүзүү зарыл.

26 Эгерде операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчи сегменттин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоодо жана сегменттин ресурстарын кандайча бөлүштүрүү жөнүндө чечим кабыл алууда операциялык сегменттин пайдаларын же зыяндарын бир гана баалоону пайдаланса, сегменттин пайдасы же зыяны, ошондой эле активдери жана милдеттенмелери отчеттуулукта мындай баалоого ылайык чагылдырылууга тийиш. Эгерде операциялык чечимдерди кабыл алуучу жетекчи сегменттин пайдасын же зыяндарын, сегменттин активдерин же сегменттин милдеттенмелерин бирден көп баалоону пайдаланса, анда отчеттуулукта чагылдырылган сумма, жетекчиликтин пикири боюнча, ишкананын финансылык отчеттуулугунда тиешелүү суммаларды баалоонун принциптерин кыйла ырааттуу баалоо принциптерине ылайык аныкталган баалоого ылайык келүүгө тийиш.

27 Ишкана сегменттин пайдасынын же зыянынын, сегменттин активдеринин жана ар бир отчеттук сегмент боюнча сегменттин милдеттенмелеринин көлөмдөрүнүн түшүндүрмөсүн берүүгө тийиш. Минимум катары, ишкана төмөнкү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) отчеттук сегменттер ортосундагы бардык операцияларды эсепке алуу негизин;

(b) отчеттук сегменттердин пайдасын же зыяндарын жана ишкананын пайда салыгы боюнча чыгашаларын же кирешелерин жана токтотулган ишмердүүлүктү (эгерде

[1] Ликвиддүүлүк тартибинде көрсөтүлүшүнө ылайык классификацияланган активдер үчүн жүгүртүүдөн тышкаркы активдер болуп отчеттук мезгилден кийин он эки айдан ашык убакыттан кийин орду толтурулууга күтүлгөн суммаларды камтыган активдер саналат.

бул 28-пунктта сыпаттталган салыштырып текшерүүлөрдөн айкын болсо) эсепке алууга чейинки ишкананын пайдасын же зыяндарын баалоонун ортосундагы бардык айырмалардын мүнөзүн. Мындай айырмалар эсеп саясатын жана борборлоштурулуп тартылган чыгымдарды бөлүштүрүү саясатын камтый алат, алар отчеттук сегмент жөнүндө маалыматты түшүнүү үчүн зарыл.

(c) отчеттук сегменттердин активдери менен ишкананын активдеринин баалоолорунун ортосундагы бардык айырмалардын мүнөзүн (эгерде бул 28-пунктта сыпатталган салыштырып текшерүүдөн айкын болбосо). Мындай айырмалар эсеп саясатын жана биргелешип пайдаланылуучу активдерди бөлүштүрүү саясатын камтый алат, ал отчеттук сегмент жөнүндө маалыматты түшүнүү үчүн зарыл.

(d) отчеттук сегменттердин милденттенмелери менен ишкананын милдеттенмеринин баалоолорунун ортосундагы бардык айырмалардын мүнөзүн (эгерде бул 28-пунктта сыпатталган салыштырып текшерүүдөн айкын болбосо). Мындай айырмалар эсеп саясатын жана биргелешип пайдаланылуучу милдеттенмелерди бөлүштүрүү саясатын камтый алат, ал отчеттук сегмент жөнүндө маалыматты түшүнүү үчүн зарыл.

(e) отчеттук сегменттердин пайдасы жана зыяндары үчүн пайдаланылуучу баалоо методдорунда мурдагы мезгилдер менен салыштыруу боюнча бардык өзгөртүүлөрдүн мүнөзүн, ошондой эле сегменттик пайданы жана зыяндарды баалоо үчүн мындай өзгөртүүлөрдүн таасирин, эгерде мындайлар болсо.

(f) бардык отчеттук сегменттерге асимметриялык бөлүштүрүүлөрдүн мүнөзүн жана таасирин. Мисалы, ишкана мында тиешелүү амортизацияланууучу активдерди ага бөлүштүрбөстөн, амортизациялык чыгымдарды сегментке бөлүштүрө алат.

## Салыштырып текшерүүлөр

28 Ишкана төмөнкү көрсөткүчтөрдү салыштырып текшерүүнү жүргүзүүгө тийиш:

(a) отчеттук сегменттердин жыйынды түшкөн кирешесин жана ишкананын түшкөн кирешесин.

(b) отчеттук сегменттердин пайдасын же зыяндарын жана ишкананын пайда салыгы боюнча чыгашасын (кирешесин) жана токтотулган ишмердүүлүгүн эсепке алганга чейинки пайдасын же зыяндарын жалпы баалоону. Бирок, эгерде ишкана отчеттук сегменттерге пайда салыгы боюнча чыгашасы (кирешеси) сыяктуу беренелерди бөлүштүрсө, анда ал сегменттердин пайдасы менен зыяндарын жалпы баалоону жана ишкананын пайдасы менен зыяндарын баалоону көрсөтүлгөн беренелерди эске алуудан кийин салыштырып текшерүүнү жүргүзө алат.

(c) эгерде 23-пунктка ылайык сегменттин активдери отчеттуулукта чагылдырылса, отчеттук сегменттердин жыйынды активдерин жана ишкананын активдерин.

(d) эгерде 23-пунктка ылайык сегменттин милдеттенмелери отчеттуулукта чагылдырылса, отчеттук сегменттердин жыйынды милдеттенмелерин жана ишкананын милдеттенмелерин.

© ФОЭС Фонду

(е) отчеттук сегменттердин ишкананын тиешелүү көрсөткүчү боюнча ачып көрсөтүлгөн маалыматтын ар бир олуттуу компонентине карата жыйынды көрсөткүчтөрүн.

Салыштырып текшерүүнүн бардык олуттуу беренелери өзүнчө идентификацияланууга жана сыпатталып жазылууга тийиш. Мисалы, эсеп саясатындагы айырмалардын натыйжасында ишкананын пайдалары менен зыяндары боюнча отчеттук сегменттердин пайдалары менен зыяндарын текшерип чыгуу үчүн зарыл ар бир олуттуу ондоп-түзөөнүн суммасы өзүнчө идентификацияланууга жана сыпатталып жазылууга тийиш.

### Отчеттуулукта мурда берилген маалыматты кайра эсептөө

29 Эгерде ишкана өзүнүн ички уюшулуусунун түзүмүн ал анын отчеттук сегменттеринин курамын өзгөртүп жибергендей өзгөртсө, анда, аралык мезгилдерди кошо алганда, алда канча эрте мезгилдер үчүн тиешелүү маалымат, мындай маалымат колдо жок болгон, ал эми анын иштеп чыгууга чыгымдар өтө жогору болгон учурлардан тышкары, кайра эсептелип чыгууга тийиш. Мындай маалыматтын жоктугу жана аны иштеп чыгууга чыгымдардын ашкере жогорулугу фактысын аныктоо ачып көрсөтүүнүн ар бир өзүнчө компонентине карата жүргүзүлөт. Өзүнүн отчеттук сегменттеринин курамындагы өзгөртүүлөрдөн кийин ишкана ал алда канча эрте мезгилдер үчүн сегменттик маалыматтын компоненттерин кайра эсептөөнү ишке ашырган/ашырбагандыгын ачып көрсөтүүгө тийиш.

30 Эгерде ишкана өзүнүн ички уюштурулушунун түзүмүн ал анын отчеттук сегменттерин өзгөрткөнчөлүк өзгөртсө, жана, эгерде аралык мезгилдерди кошо алганда, алда канча эрте мезгилдер үчүн тиешелүү сегменттик маалымат мындай өзгөртүүнү чагылдыруу үчүн кайра эсептелбесе, ишкана, мындай маалымат колдо жок болуп, ал эми аны иштеп чыгууга чыгымдар ашкере жогору болгон учурлардан тышкары, анда ишкана учурдагы мезгил үчүн сегменттик маалыматты эски да, жаңы да негизде, мындай өзгөртүү болуп өткөн жылда ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Ишкананын масштабында ачып көрсөтүү

31 32 – 34-пункттар, алардын курамына бир гана отчеттук сегмент кирген ишканаларды кошо алганда, ушул ФОЭСтин колдонулуу чөйрөсүнө кирген бардык ишканаларга жайылтылат. Айрым ишканалардын ишмердүүлүгүн уюштуруу тиешелүү продуктулардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айырмачылыктарында же географиялык аймактардын айырмачылыктарында түзүлбөйт. Мындай ишкананын отчеттук сегменттери отчеттуулукта таптакыр ар башка продуктулар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн диапазонунан алынган кирешени чагылдыра алышат, же, тескерисинче, мындай ишкананын бир нече отчеттук сегменттери, негизинен, бирдей продуктуларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрө алышат. Ушундайча эле ишкананын отчеттук сегменттери ар кайсы географиялык аймактарда активдерди кармап жана ар кайсы географиялык аймактарда кардарлардан кирешелер жөнүндө билдире алышат, же, тескерисинче, бир нече отчеттук сегменттер бир эле географиялык аймакта иштей алышат. 32 – 34-пункттарга ылайык талап кылынуучу маалымат, эгерде ал отчеттук сегменттер боюнча ушул ФОЭС менен талап кылынуучу маалыматтын алкагында берилбеген учурда гана берилүүгө тийиш.

© ФОЭС Фонду

## Продуктулар жана кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат

32 Ишкана тышкы кардарлардан кирешелерди, колдо зарыл маалымат болбогон, ал эми аны иштетүүгө чыгымдар ашкере жогору болмок учурлардан тышкары, ар бир продукт жана кызмат көрсөтүү, же окшош продуктулар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тобу боюнча чагылдырууга, андай болгондо, бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш. Отчеттуулукта чагылдырылган кирешелердин суммалары ишкананын финансылык отчеттуулугун түзүүдө пайдаланылган финансылык маалыматка негизделүүгө тийиш.

## Географиялык аймактар жөнүндө маалымат

33 Ишкана, зарыл маалымат колдо жок болгон, ал эми аны иштеп чыгууга чыгымдар ашкере жогору болмок учурлардан тышкары, төмөнкү географиялык маалыматты берүүгө тийиш:

(a) (i) ишкананын келип чыгуу өлкөсүнө тиешелүү кылынган жана (ii) жалпысынан алардан ишкана кирешелерди алган бардык чет өлкөлөргө тиешелүү кылынган тышкы кардарлардан кирешелер. Эгерде өзүнчө бир чет өлкөгө тиешелүү кылынган тышкы кардарлардан кирешелер олуттуу болуп чыкса, анда мындай кирешелер өзүнчө ачып көрсөтүлүүгө тийиш. Ишкана тышкы кардарлардан кирешелерди айрым өлкөлөргө тиешелүү кылуу үчүн негизди ачып көрсөтүүгө тийиш.

(b) финансылык инструменттерден, кийинкиге калтырылган салык активдеринен, эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакылардын программаларынан, жана камсыздандыруу келишимдери боюнча келип чыгуучу укуктардан тышкары, (i) келип чыгуу өлкөсүндө жайгашкан жана (ii) жалпысынан аларда ишкана активдерди кармаган бардык чет өлкөлөрдө жайгашкан жүгүртүүдөн тышкаркы активдер[2]. Эгерде кайсы бир айрым өлкөдөгү активдер маанилүү болуп чыкса, анда мындай активдер өзүнчө ачып көрсөтүлүүгө тийиш.

Билдирилген суммалар ишкананын финансылык отчеттуулугун түзүүдө пайдаланылган финансылык маалыматка негизделүүгө тийиш. Эгерде зарыл маалымат колдо жок болсо, ал эми аны даярдоого чыгымдар ашкере жогору болсо, бул факт ачып көрсөтүлүүгө тийиш. Ишкана ушул пунктка ылайык талап кылынуучу маалыматка кошумча катары өлкөлөрдүн топтору боюнча аралык жыйынтык географиялык көрсөткүчтөрдү бере алат.

## Негизги кардарлар жөнүндө маалымат

34 Ишкана негизги кардарлардан өзүнүн көз карандылыгынын деңгээли жөнүндө маалыматты берүүгө тийиш. Эгерде бир тышкы кардар менен операциялардан киреше ишкананын кирешесинен 10 же андан көп пайызды түзсө, анда ишкана бул фактыны, ар бир мындай кардардан кирешелердин жыйынды суммасын ачып көрсөтүүгө жана алар боюнча мындай киреше билдирилген сегменттин же сегменттердин аталыштарын көргөзүүгө тийиш. Ишкана негизги кардардын аталышын же ар бир сегмент бул кардарга карата көрсөткөн кирешелердин суммасын ачып көрсөтүүгө милдеттүү эмес. Ушул ФОЭСтин максаттарында отчет берүүчү ишканага карата жалпы контролдук астында турган катарында белгилүү болгон ишканалар тобу бир кардар катарында бааланууга тийиш. Ушундай эле түрдө мамлекет (анын ичинде алар жергиликтүү, улуттук же эл аралык

[2] Ликвиддүүлүк тартибинде көрсөтүлүшүнө ылайык классификацияланган активдер үчүн жүгүртүүдөн тышкаркы активдер болуп отчеттук мезгилден кийин он эки айдан ашык убакыттан кийин орду толтурулууга күтүлгөн суммаларды камтыган активдер саналат.

© ФОЭС Фонду

экенине карабастан өкмөттүк органдар жана мамлекеттик бийликтин ушундай органдары) жана отчет берүүчү ишканага мындай мамлекеттин контролдугу астында турган катарында белгилүү болгон ишканаларды бир кардар катарында баалоо үчүн ой жүгүртүү талап кылынат. Муну баалоодо отчет берүүчү ишкана бул ишканалар ортосундагы экономикалык интеграциялануу даражасын эске алууга тийиш.

## Өтүү эрежелери жана күчүнө кирүү күнү

35 Ишкана ушул ФОЭСти 2009-ж. 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу мезгилдер үчүн өзүнүн жылдык финансылык отчеттуулугун түзүүдө колдонууга тийиш. Андан эрте колдонууга уруксат берилген. Эгерде ишкана ушул ФОЭСти өзүнүн 2009-ж. 1-январына чейинки мезгил үчүн финансылык отчеттуулугунда колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

35A 23-пункт 2009-ж. апрелинде чыгарылган *"ФОЭСтерди жакшыртуу"* басылмасы менен кошулган. Ишкана ушул түзөтүүнү 2010-ж. 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана түзөтүүнү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

36 Алгачкы колдонуу жылына карата салыштырмалуу маалымат катарында берилген (2009-ж. апрелинде жасалган 23-пункттагы түзөтүүлөрдү кошо алганда) мурдагы жылдар үчүн сегменттик маалымат, зарыл маалымат колдо жок болгон, ал эми аны иштеп чыгууга чыгымдар ашкере жогору болмок учурлардан тышкары, ушул ФОЭСтин талаптарына ылайык келүү үчүн кайра эсептелүүгө тийиш.

36A ФОЭС (IAS) 1 (2007-ж. кайра каралган) Финансылык отчеттун эл аралык стандарттарында (ФОЭС) пайдаланылуучу терминологияга түзөтүүлөрдү киргизди. Мындан тышкары, ал 23(f)-пунктуна түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 1ди (2007-ж. кайра каралган) алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, анда көрсөтүлгөн түзөтүүлөр ушул алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

36B «*Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IAS) 24 (2009-ж. кайра каралган) 34-пунктка 2011-ж. январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн түзөтүүлөрдү киргизди. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 24тү (2009-ж. кайра каралган) алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, анда 34-пунктка түзөтүүнү ошол алда канча эрте мезгилге карата колдонууга тийиш.

36C 2013-ж. декабрында чыгарылган *"ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2010 – 2012-жж. аралыгы"* 22 жана 28-пункттарга өзгөртүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2014-ж. июлунан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана бул түзөтүүнү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүсү керек.

## ФОЭС (IAS) 14түн колдонулушун токтотуу

37 Ушул ФОЭС "*Сегменттер боюнча отчеттуулук*" ФОЭС (IAS) 14тү алмаштырат.

© ФОЭС Фонду

## А тиркемеси

## Терминдин аныктамасы

*Бул тиркеме ушул ФОЭСтин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

**операциялык сегмент** Операциялык сегмент – бул ишкананын компоненти:

(a) ал ишмердүүлүктү жүргүзөт, андан ал кирешелерди алышы жана чыгашаларды (анын ичинде ошол эле ишкананын башка компоненттери менен операциялар боюнча түшкөн кирешелер жана чыгашалар) тартышы мүмкүн;

(b) анын операциялык ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына сегментке ресурстарды бөлүү жана анын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн операциялык чечимдерди кабыл алуучу ишкананын жетекчилиги тарабынан дайыма талдоо жүргүзүлүп турат; жана

(c) ал боюнча өзүнчө финансылык маалымат бар.

© ФОЭС Фонду